КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТООДОН
20____ж. "____"________________ӨТКӨРҮЛДҮ
№________________КҮБӨЛҮК
Алгачкы катталган куну 20____ж. "____"________
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
"8" 11 2016 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № 0023455
Дата первичной регистрации "07" 04 2004 г.

**БЕКИТЕМИН:**____________

**Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү бөлүмүнүн башчысы Мейрманова С.Ж.**

**№____________________2016 ж.**

# «Тоголок Молдо атындагы № 71 жетим жана ата-энелеринин көзөмөлсүз калган балдар үчүн жалпы орто билим берүүчү мектеп-интернаты"
# мекемесинин

# УСТАВЫ

**Бишкек- 2016**

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

*Ушул Устав Тоголок Молдо атындагы №71 жетим жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн жалпы орто билим берүүчү мектеп-интернатынын (мындан ары текстте Мектеп деп көрсөтүлөт) өзүнө караштуу мүлкүнө карата, жеке адамдар, уюмдар жана мамлекет менен болгон өз ара мамилесине карата Мектептин максатын жана ишмердүүлүк багытын, жарандык укуктук жөндөмдүүлүгүн белгилей турган негизги документ болуп эсептелет.*

**1.1.** Жетим жана кароосуз калган балдар үчүн Тоголок Молдо атындагы №71 жалпы орто билим берүүчү мектеп-интернаты Президенттик билим берүү фондунун программасын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 17-августунда №622 Токтомун жана Бишкек шаардык кеңештин 2014-жылдын 18-февралында кабыл алынган №69 Токтомун ишке ашыруу максатында түзүлгөн.

**1.2.** Мектеп – башталгыч, негизги жана орто билим берүү милдеттерин жүзөгө ашыра турган, **кыргыз тилинде билим берүүчү** муниципалдык жалпы билим берүүчү уюм. Мектеп – коммерциялык уюм эмес жана киреше табуу – анын негизги ишмердүүлүк максаты болуп эсептелбейт. Жеке менчик түрү – муниципалдык. Мектептин түзүүчүсү болуп **Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармасы** (текстте мындан ары Түзүүчү катары көрсөтүлөт) эсептелет. Мектеп өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Мугалимдин макамы жөнүндө”, “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө”, “Кыргыз Республикасында чет элдик инвестициялар жөнүндө” мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын башка нормативдик-укук актылары жана ошондой эле ушул Устав тарабынан жөнгө салынат.

**1.3. Мектеп, жалпы билим берүү программаларынан тышкары Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлигинин алдындагы Кесиптик-техникалык билим берүү агенттиги менен макулдашуунуннегизинде тандалган кесиптерге жараша тийиштүү сертификат берүү менен адистик жана баштапкы кесиптик билим бере алат.**

**1.4.** Мектеп юридикалык жак болуп эсептелет, оперативдик башкаруусундагы обочолонгон мүлккө, өз алдынча балански ээ. Мектеп өз наамына келишимдерди түзгөнгө, мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды сатып алууга жана жоопкерчилик алууга, сотто доогер жана жоопкер катарында сөз алууга укуктуу. Мектеп өзүнө тийиштүү акча каражаттарына карата милдеттерине жоопкечилик тартат. Көрсөтүлгөн каражаттар Мектепте жетишсиз болгон учурда анын милдеттери боюнча мыйзам тарабынан белгиленген тартипте Мектепке бекитилген мүлктүн ээси субсидиардык жоопкерчилик тартат. Мектеп Кыргыз Республикасынын гербинин сүрөтү менен тоголок мөөргө жана өз аталышына, штамптарга, бланктарга, көрсөтүлгөн үлгүдөгү аталышы жазылган жасалганын илинишине ээ.

**1.5.** Мектеп Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы тарабынан көрсөтүлгөн тартипте лицензиялоо, аттестациялоо жана мамлекеттик аккредитациялоодон өтөт. Тийиштүү күбөлүк менен тастыкталган мамлекеттик акредитациядан өткөн учурдан баштап Мектеп бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү тууралуу

документтерди берүү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гербинин сүрөтү бар мөөрдү колдонуу укугуна ээ болот.

**1.6.** Мектеп өз ишмердүүлүгүнүн процессинде Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына жана Бишкек шаарынын депутаттар кеңешинин токтомуна ылайык аскердик кызмат өтөөгө милдеттүүлөрдө жана аскерге чакырылуучуларды каттоо жана брондоо боюнча иш алып барат. Бул иштерди жүргүзүү боюнча жеке жоопкерчилик мектеп директоруна жүктөлөт.

**1.7.** Мектепте саясий партиялардын, коомдук-саясий жана диний агымдардын жана уюмдардын (бирикмелердин) уюмдук түзүлүштөрүнүн курулуусуна жана иш алып баруусуна жол берилбейт.

**1.8.** Мектептин толук аталышы:кыргыз тилинде:«Тоголок Молдо атындагы №71жетим жана ата энелеринин көзөмөлсүз калган балдар үчүн жалпыортобилимберүүчүмектеп-интернаты» (кыскача - №71 ЖОББМИ)

Орус тилинде: Учреждение «Средняя общеобразовательная школа-интернат №71 имени Тоголока Молдо для детей-сирот и детей,оставшихся без попечения родителей» (сокращенное – СОШИ №71).

Уюмдук-укуктук формасы: Жалпы билим берүүчү уюм.

Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,12-кичи район, үй №23/1.

Тел.: 52 17 92, 52 17 91.

## 2. МЕКТЕПТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МАКСАТЫ, НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ, ПРЕДМЕТИ

**2.1. Мектептин ишмердүүлүгүнүн негизги максаттары:**

**-жетим балдарга жана ата-энесинин көзөмөлүсүз калган балдарга тийиштүү жалпы орто жана башталгыч кесиптик билим алуу менен коомдо ийгиликтүү ылайыкташууга мүмкүнчүлүк камсыз кылуу.**

- ар бир окуучунун мамлекеттик стандарттар деңгээлинде билим алуусу;
- жалпы өздүк маданияттын түзүлүүсү;
- чыгармачыл жөндөмдөрүн тарбиялоо жана өнүктүрүү;
- окуучулардын билим алуу жана чыгармачыл ишмердүүлүк процессинде социалдык жана психологиялык жактан ылайыкташуусу;
- жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга жигердүү катышуусун шарттоо;
- окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү системаларынын мыкты жетишкендиктерин бириктирүү менен камсыздалган шарттарды түзүү.

**2.2. Өз ишмердүүлүгүндө мектеп төмөнкүдөй милдеттерди ишке ашырат:**

**-жалпы билим берүүнүн жана ошондой эле баштапкы, кесиптик билим берүү жана жетим балдардын социалдык ылайыкташуусун өнүктүрүүгө багытталган ишмердүүлүгүнүн бардык заманбап стандарттарына толугу менен шайкеш келген мектептин жаңы моделин түзүү.**

- окуу жана тарбия процессин уюштурууда жана мазмунунда улантуучулук жана үзгүлтүксүздүктү камсыздоо;

-чыгармачылык жактан өнүгүүгө жана тарбиялануучулардын чыгармачылык жактан өз алдынча ишке ашырууга багытталган кесиптик багыттар жааты менен бирге окуучулар

үчүн жагымдуу билим берүү чөйрөсүн, бирдиктүү маданий жана билим берүүчү алкактын оптималдуу шарттарын түзүү;

- окуучулардын акыл-эс, адеп-ахлактык, физикалык жактан өнүгүүсү үчүн максималдуу жагымдуу, ыңгайлуу шарттарды түзүү;

-бала кесипти тандоодо жөндөмүнө жараша өздөштүрүү үчүн шарт түзүү;

- жарандуулукка, Ата Мекенге жана үй-бүлөнү сүйүүгө, руханий жана маданий мурастарга сый мамиледе болууга тарбиялоо.

**2.3. Мектептин ишмердүүлүк предмети төмөнкүлөр:**

**-жалпы негизги, орто (толук) жана баштапкы кесиптик жалпы билим берүү программаларын, чет тилдерди терендетип окутуу программаларынын ишке ашыруу;**

- кошумча билим берүү, ден-соолукту чыңдоочу жана бош убакыттарды туура пайдалануу кызматтарын көрсөтүү;

- өсүүнүн жаш-курактык, психофизикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ден-соолукту чыңдоо иштерин уюштуруу;

- спорттук кружокторду жана клубдарды уюштуруу жана аларга окуучуларды катыштыруу;

- мектеп-интернаттын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу, педагогикалык жамааттын тынымсыз квалификациясын жогорулатуу жана аттестациялоо максатында системалык түрдө практикалык семинарларды алып баруу;

- окуу пландарын иштеп чыгуу жана автордук программаларды, окуу куралдарын, усулдук, маалыматтык адабиятты киргизүү;

- психологиялык дартты аныктоону, тестирлөөнү жүргүзүү, педагог-психологдун кеңеши;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан тыюу салынбаган башка ишмердүүлүк.

**2.4. Өз ишмердүүлүгү процессинде Мектеп:**

- окуучуларга социалдык, психологилык жана педагогикалык жардамдарды көрсөтөт;

- социалдык жактан коркунучтуу абалда турган үй-бүлөлөрдү табат жана алардын балдарын окутуу жана тарбиялоо багытында аларга жардам берет;

- жалпыга жеткиликтүү спорттук секциялардын, техникалык жана башка кружоктордун, клубдардын уюштурулушун камсыздайт жана окуучулардын аларга катышуусун шарттайт;

- билим берүү процессин психологиялык жактан камсыздоосун мектеп-интернаттын психологиялык кызматы башка мекеме жана уюмдар менен биргеликте жүргүзөт.

- өз уставдык ишмердүүлүгүн ишке ашыруу максатында каржылык жана материалдык каражаттардын кошума булактарын тартат.

- чет элдик ишкана, мекеме жана уюмдар менен түздөн-түз байланыш курат.

- Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келбеген ишмердүүлүктүн башка түрлөрүн ишке ашырат.

**2.5. Төмөнкүлөр үчүн Мектеп жоопту:**

-өзүнүн карамагына жүктөлгөн иш-милдеттерди аткарбагандыгы;

- окуу планына ылайык билим берүү программаларын толук түрдө ишке ашырбагандыгы;

- бүтүрүүчүлөрдүн билим сапаты;

- билим берүү процесси учурундагы окуучулардын, педагогдордун жана башка кызматкерлердин өмүрү жана саламаттыгы;
- окуучулардын жана педагогикалык жамааттын укук жана эркиндигинин бузулуусу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн башка аракеттер.

**2.6.** Мектеп, мектеп-интернаттын өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында түзүлгөн ассоциациялардын, союздардын, башка биримдиктердин курулуусуна жана ишмердүүлүгүнө катышат.

**2.7.** Мектептин окуучуларын медициналык жактан тейлөө – мектеп-интернаттын администрациясы менен катар тарбияlануучулардын саламаттыгы, дарылоочу жана алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү, санитардык-гигиеналык жана эпидемияларга каршы режимдин талаптарынын сакталышы, окуучулардын тамактануу режими жана сапаты үчүн жоопкерчилик жүктөлгөн медициналык кызматкерлер тарабынан жүргүзүлөт.

**2.8.** Мектеп медициналык кызматкерлерди иштөөгө ылайык тийиштүү бөлмө менен камсыздоого милдеттүү.

**2.9.** Тамак берүүнү уюштуруу иштери көрсөтүлгөн нормаларга ылайык мектептин администрациясына жүктөлөт.

**2.10.** Мектепте окуучулардын тамактануусу жана тамак-ашты сактоо жана даярдоо үчүн бөлмөлөр каралган. Окуучулар үчүн бардык шарты бар жатакана берилет.

## 3. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

**3.1.** Окуучуларды кабыл алуу жер-жерлерде жана ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарынын багытоосу боюнча жүзөгө ашырылат. Биринчи кезекте маектешүүдөн ийгиликтүү өткөн жана **<u>Мектепке бекитилген медициналык мекемелерде медициналык изилдөөдөн</u>** өткөн балдар Мектепке кабыл алынат. Бул Мектепте республиканын бардык аймактарынан келген балдар билим алып, жашай алышат.

Балдарды Мектепке кабыл алуу соттун чечиминин негизинде жана мектептин Уставы тарабынан көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт. Мектеп жалпы билим берүү программаларынын үч баскычта билим берүү деңгээлине ылайык билим берүү процессин жүргүзөт:

**I баскыч** — башталгыч жалпы билим берүү (окутуу мөөнөтү 4 жыл), 1-4 класс;

**II баскыч** — негизги жалпы билим берүү (окутуу мөөнөтү 5 жыл), 5-9 класс;

**III баскыч** — орто (толук) жалпы билим берүү (окутуу мөөнөтү 2 жыл), 10-11 класс,

Баланы билим берүү уюмуна кабыл алуу мектеп директорунун буйругунун негизинде аткарылат. Ошондой эле Мектеп азыркы тапта №71 орто мектепте билим алган окуучулар үчүнжалпы билим берүү программаларынын үч баскычта билим берүү деңгээлине ылайык 2023-2024-окуу жылына чейин билим берүү процессин жүргүзөт **<u>жана ар жылы 12-кичи райондо жашаган балдарды ата-энесинин арызы боюнча 1-класска кабыл алат жана ата-энелер менен түзүлгөн келишимдин негизинде биринчи баскычта окутат</u>**.

**3.2. Биринчи баскыч** окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү, жазууну, эсептөөнү, окуу ишмердүүлүгүнүн негизги жөндөм жана көндүмдөрүн; чыгармачыл ой жүгүртүү элементтерин, окуу аракеттерин, маданий кепти жана жүрүм-турум маданиятын өзүн-өзү көзөмөлдөө ыгы менен чыгармачыл жөндөмдөрдү өздөштүрүүнү; өздүк гигиена жана саламаттуу жашоо образы негиздерин, балдардын психофизикалык өсүүсү үчүн

шарттарды түзүүнү камсыздайт. Окуучулардын кызыкчылыктарын эске алуу менен жана алардын кызыгуулары жана шыктарын өнүктүрүү максатында окутуунун кийинки деңгээлдик айырмачылыктары жана жекелештирүү үчүн тандалма курстар киргизилиши мүмкүн. Баштапкы жалпы билим берүү негизги жалпы билим алуунун пайдубалы болуп эсептелет.

**3.3 Экинчи баскыч** окуучулар тарабынан жалпы билим берүү программаларынын негизги жалпы билимдердин өздөштүрүлүүсү камсыздайт, окуучулардын табият, коом, адам туурасында заманбап билим деңгээлине ылайык ой-пикирин калыптантат. Бул этапта билим берүү мазмунунун айырмалануусу башталат. Милдеттүү предметтерге кошумча катары жаңы сабактар, тандалма курстар, мектептен тышкаркы сабактардын ар түрдүү формалары жана ошондой эле билим алуучулардын жөндөмдөрүн дагы толугураак өнүктүрүүгө багытталган тандоо предметтри киргизилиши мүмкүн. Негизги жалпы билим берүү орто (толук) билим алууга, баштапкы жана орто кесиптик билим алууга негиз болуп эсептелет.

**3.4. Үчүнчү баскыч** окуучулар тарабынан жалпы билим берүү программаларынын орто (толук) жалпы билим берүүнү өздөштүрүүнү камсыз кылган жалпы билим берүүнүн жыйынтыктоочу этабы болуп саналат. Жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн Мектептин бүтүрүүчүлөрүнө Мектептин мөөрү менен тастыкталган билим деңгээлине жараша мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет. Орто жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк жана аттестаттарды алышат.

**3.5.** Мектепте кыргыз тилинде билим берүү менен кошумча чет тилдерди окутулат.

**3.6.** Мектептеги билим берүү процессинин уюштуруулусу Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги тарабынан бекитилген базалык окуу планы жана мектеп тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген жылдык календардык-тематикалык пландоонун негизинде түзүлөт.

**3.7.** Билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде мектеп тарабынан өз алдынча иштелип чыккан, колдонулган жана ишке ашырылган программалар тарабынан аныкталат.

**3.8.** Айрым предметтердин өздөштүрүлүүсү түрдүү кесиптеги атайын курстардын киргизилүүсүнүн негизинде ишке ашырылат жана бул предметтердин киргизилүүсү туурасында чечимди мектептин Педагогикалык кеңеши кабыл алат. Атайын курстардын программасы Мектептин администрациясы тарабынан талкууланат жана бекитилет. Жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн мектеп жождордун профессордук-окутуучулук курамын, илимий-изилдөө мекемелеринин, маданий ж.б. мекемелердин кызматкерлерин тарта алат.

**3.9.** Мектеп-интернатта окуу жылы 1-сентябрда башталат. Эгер бул күн дем алыш күнүнө туура келсе, анда окуу жылы кийинки жумуш күнүнөн тартып башталат. Сабактар саат 8.30да башталат.

**3.10.** 1-класстын окуу жылынын узактыгы – 33 жума, 2-11-класстардыкы 34төн кем эмес жума.

**3.11.** Мектептин окуучулары үчүн Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги тарабынан бекитилген базалык окуу планына ылайык каникулдар берилет. Мектеп 5-6 күндүк окуу жумасы режиминде иштейт, сабактын узактыгы – 45 мүнөт.

**3.12.** Мектепте **<u>жыл сайын Мектептин администрациясы тарабынан бекитилген сабактардын режими кабыл алынат.</u>**

**3.13.** Мектептин администрациясынын чечими менен сабактын узактыгы кайрадан каралып чыгышы мүмкүн (ар бир курактык этаптагы курактык өзгөчөлүктөр менен программанын спецификасынан жана кыш мезгилине жараша ар түрдүү класстар үчүн сабак узактыгын белгилөө мүмкүнчүлүгү менен кошо).

**3.14.** Окуучуларды сабак учурунда билим берүү жана маалыматтык жана жайкы эмгек практикасынан тышкары ар кандай иштерге жана иш-чараларга тартууга тыюу салынат.

**3.15.** Тарбиялануучулардын окуу жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүгүнүн узактыгы базистик окуу планы тарабынан белгиленет, интернаттык багуу шарттарында балдардын жашоосунун гигиеналык жактан уюштуруулусу боюнча усулдук пикирлерди эсепке алуу менен жана окуу планы, кружоктордун планы тарабынан жөнгө салынат.

**3.16.** Интернаттын тарбиялануучуларынын ишмердүүлүк түрлөрүнүн айкалышуусу төмөнкүлөр: балдардын таза абада болуусу (сейилдөөлөр, кыймылдоону талап кылган оюндар, коомдук пайдалуу иштер, экскурсиялар ж.б.); маданий иш-чаралар, кружоктор, окуу, оюндар ж.б.)

**3.17.** Ар түрдүү курактык топтор үчүн сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн узактыгы көрсөтүлгөн нормалардын чегинде аныкталат.

**3.18.** Интернаттын тарбиялануучулары мектепте жана мектептен тышкаркы мекемелердеги клубдарга, секцияларга, кружокторго, студияларга, кызыгуулары боюнча биримдиктерге катыша алышат.

**3.19.** Мектеп жайкы каникул учурунда тарбиялануучуларына денсоолукту чыңдоочу, жаштар жана туристтик лагерлерде, эмгек жана эс алуу лагерлеринде эс алуусун уюштурууда көмөк көрсөтөт.

**3.20.** Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн же алардын ордундагы адамдардын) жазуу түрүндөгү арызынын **<u>жана баланын каалоосунун</u>** негизинде **<u>баланын алардыкында жашоосу үчүн социалдык жана материалдык мүмкүнчүлүктөрүн тастыктаган жашаган жеринен алынган документтердин көрсөтүлүшүнүн негизинде</u>** мектептин директору каникул учурунда, дем алыш жана майрам күндөрү, башка күндөрү жүйөлүү себептер менен тарбиялануучуларды үйлөрүнө жибере алат.

**3.21.** Мектепке кабыл алуу тартибинин Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы тарабынан жөнгө салынбаган тарабы Түзүүчү тарабынан белгиленет. Окуучуну кабыл алууда Мектеп аны же анын ата-энесин (мыйзамдуу өкүлдөрүн же алардын ордундагы адамдарды) Устав жана окуу процессинин уюштуруулусун жөнгө салган башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

**3.22.** Окуучулар кабылдоо комиссиясы тарабынан кабыл алынат. Кабылдоо комиссиясынын курамы жана иштөө тартиби мектептин директору тарабынан бекитилет. Баланын өсүү деңгээлине, жөндөмдөрүнө жана ден-соолугуна шайкеш келген окутуу программасын аныктоо максатында мектепте балдар менен маектешүүлөрдүн жүргүзүлүшүнө жол берилет.

**3.23.** Мектепке кирүү үчүн керектүү документтердин тизмеси:

- Мектеп башчысынын атына арыз;
- ата-энесинин (алардын ордундагы адамдардын) паспорту жашаган дареги боюнча каттоосу менен;

- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
- баланын медициналык картасы;
- жашаган жеринен маалымдама;
- баланын мурунку окуган билим берүү мекемесинин мөөрү менен тастыкталган жылдык баалары менен өздүк делосу; окуу жылы ичинде которулган учурда баланын мурунку окуган билим берүү мекемесинин мөөрү менен тастыкталган бардык предметтерден алынган баалардын көчүрмөсү берилет;
- толук эмес орто билими тууралуу кубөлүк (10-11-класстардын окуучулары үчүн);
- соттун чечими (интернатта жашай турган болсо)

**3.24.** Төмөнкү учурларда окуучулар мектептен чыгып кеткен болуп саналат:
- башка билим берүү мекемесинде окуусун улантуу үчүн ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн же алардын ордундагы адамдардын) арызынын жана кетип жаткан окуу жайдын маалымдамасынын негизинде;

**3.25.** Ооруп калган жана санитардык-курорттук дарылануу уланган учурунда окуучулардын мектептеги орду сакталат.

**3.26.** Мектеп окуучуларды баалоо системасын, формасын, тартибин жана арадагы аттестациялоонун мезгилдүүлүгүн өз алдынча тандайт. Мектепте беш баллдык баалоо системасы кабыл алынган: 5 (эң жакшы), 4 (жакшы), 3 (канааттандырарлык), 2, 1 (канааттандырарлык эмес).

2-11-класстарда арадагы аттестациялоонун баалары чейректик жана жылдык баалар түрүндө коюлат. Окуучу же анын ата-энеси арадагы жыйынтыктоочу баа менен макул болбогон учурда үч күн ичинде мектептин директорунун наамына баага нааразычылыгын билдирген арыз жазуу шарты менен окуучуга тийиштүү предметтен мектептин директору тарабынан дайындалган комиссияга сынак тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет. II жана III баскычтарда билим алуу мамлекеттик сынактар менен аяктайт. Мектеп педагогикалык кеңештин сунушу менен 5-8 жана 10-класстарда көчүрүү сынактарынын керектүүлүгүн, мөөнөтүн, формасын белгилейт. Башталгыч жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарында окуу жылынын программасын өздөштүрө албаган жана эки же андан көп предмет боюнча академиялык карызы бар окуучулар алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каалоосу менен кийинки класска көчүрүлбөйт жана кайрадан ошол класста билим алат. Аталган билим берүү баскычтарында окуган жана окуу жылынын аягында бир предметтен академиялык карызы бар окуучулар шарттуу түрдө кийинки класска которулат. Окуучулардын академиялык карыздарын жоюу боюнча жоопкерчилик алардын ата-энесине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) жүктөлөт. Окуучунун кийинки класска көчүрүлүшү бардык учурларда Мектеп администрациясынын чечими менен жүргүзүлөт.

**3.27.** Негизги мектепте окуусун аяктагандарга көрсөтүлгөн үлгүдөгү негизги мектепти бүтүргөндүгү тууралуу күбөлүк, өзгөчө ийгиликтерге жетишкендерге өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк тапшырылат. 11-класстын бүтүрүүчүлөрү орто билим берүү тууралуу аттестат, өзгөчө ийгиликтерге жетишкендер арттыкчылыгы менен аттестат, ал эми тандалган кесибине жараша кошумча билим берүү тууралуу сертификат алышат. Окуучу же анын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) жыйынтыктоочу баа менен макул болбогон учурда окуучуга мектептин администрациясы тарабынан дайындалган комиссияга сынак тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет.Айрым предметтерден сынак тапшырбаган III-баскычта

окуган окуучуларга жеке арыз жазып бергенден кийин 3 айдын ичинде кайра сынак тапшыруу укугу берилет.

**3.28.** Мектеп англис тили, информатика жана экинчи кошумча чет тилинен **тийиштүү кадрлардын жана бул предметтер боюнча окуу-материалдык базанын болуусу шартында** аталган предметтер боюнча тереңдетип окутууну камсыз кылыт.

**3.29.** Окуудагы ийгиликтери жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн окуучуларга мораллдык жана материалдык жактан колдоонун ар түрдүү формалары каралган.

## 4. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**4.1** Билим берүү процессинин катышуучуларына окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), педагогикалык кызматкерлер кирет. Баланын укуктары жана милдеттери БУУнун Балдардын укуктары жөнүндө конвенциясы, Кыргыз Республикасынын күчүндөгү мыйзамы жана мектеп менен баланын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ортосунда түзүлгөн келишим тарабынан корголот.

Мектептеги ар бир бала үчүн төмөнкүлөргө кепилдик берилет:

-анын кадыр-баркын коргоо,

-физикалык жана психикалык зомбулуктун, өздүгүнө акаарат келтирүүнүн бардык формасынан коргоо,

-анын чыгармачыл жөндөмдөрүн жана кызыгууларын өнүктүрүү,

-орун алган кемчиликтерди оңдоодо (коррекциялоодо) квалификациялуу жардам алуу (аталган кемчиликтердин жалпы билим берүүчү уюмдун шарттарында айрым предметтерди тереңдетип окутуу менен оңдоого (корректирлөөгө) мүмкүн болгон шарттарда).

**4.2.** Мектептин билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери төмөнкүлөр менен аныкталат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамы
- мектептин Уставы
-камкорчулар кеңеши
-Мектептин ички тартип эрежелери
- бир тараптан Мектеп менен экинчи тараптан окуучулардын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ортосунда билим берүүнү уюштуруу тууралуу келишимдер
-кызматкерлер менен түзүлгөн эмгек келишимдери.

**4.3.** Педагогикалык кызматкерлердин милдеттери:

-Мектептин Уставын сактоо;

-балдардын өмүрү жана саламаттыгын сактоону камыздоо, санитардык нормаларды сактоо, балдарды көзөмөлсүз таштабоо;

-Мектеп менен ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) ортосундагы келишимди аткаруу, тарбиялоо жана окутуу маселелери боюнча баланын үй-бүлөсү менен кызматташуу, окуу-тарбия процессин ишке ашыруу үчүн шарттарды уюштурууга катышуу;

-ата-энелердин окуу-тарбия кызматтарына болгон суроо-талаптарын канааттандырууга көмөктөшүү, кошумча төлөнүүчү кызматтарды уюштурууга жана өткөрүүгө катышуу;

-чынчыл жана ак ниеттүүлүк менен иштөө, эмгек дисциплинасын сактоо, системалуу түрдөө өз чыгармачыл жана педагогикалык деңгээлин жогорулатуу;
-оор кырдаалда өзүн-өзү башкаруу, сынды туура кабыл алуу, чыр-чатактарды мурунтан көрө билүү жана алардын алдын алуу, балдардын, кызматкерлердин жана ата-энелердин чөйрөсүндө жүрүм-турум жана баарлашуунун этикалык нормаларын сактоо;
-коопсуздук жана эмгекти коргоонун, өндүрүштүк санитария жана гигиена, өрт коопсуздугунун эрежелерин, ички ченемдик-укуктук актыларынын талаптарын сактоо. Балдардын жабырлануусунун алдын алуу максатында топтордо, ойноочу аянттарда ортого чыккан чыр-чатактарды жоюу боюнча өз убактысында чара көрүү;
-милдеттерди жана кызматтык көрсөтмөлөрдү аткаруу, заманбап окутуу усулдарын жана техникалык каражаттарды, көргөзмө куралдарын колдонуу менен сабактарды жогорку педагогикалык деңгээлде өтүү;
- окуучунун жана анын ата-энесинин өздүгүн сыйлоо, аларды өнөктөш катары көрүү, көрсөтүлгөн күндүк режимдин аткарылуусун камсыздоо;
- окуучулардын жеке (индивидуалдык) өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, алардын педагогикалык билимдерин өстүрүү үчүн окуучулар жана ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен жигердүү кызматташуу.
Мектептин педагогикалык кызматкерлери жана тарбиячылары мыйзам тарабынан көрсөтүлгөн тартипте ар бир баланын өмүрү, физикалык жана психикалык саламаттыгына, билим берүүнүн сапатына, окуучулардын билим деңгээли, жөндөмдөрү, көндүмдөрү үчүн жооп берет.
Социалдык педагогдор, социалдык кызматтар жана иш менен камсыз кылуу кызматтары менен байланыш түзүшөт, тарбиялануучулар менен бүтүрүүчүлөрдүн укуктарын коргоо жана алдардын социалдык ылайыкташуусуна байланышкан маселелер боюнча мектептин администрациясына жардам беришет.
**4.4.** Педагогикалык кызматкерлердин укуктары:
-айрым предметтер боюнча балдарды тарбиялоо жана окутуунун усулдарын иштеп чыгууга жана колдонууга катышуу, мектеп-интернаттын билим берүү концепциясынын алкагында өзүнүн билим берүү ишмердүүлүгүнүн формасын жана усулун өз алдынча белгилөө;
-мектеп-интернаттын администрациясынан окуу-тарбия процессин жүргүзүү үчүн шарт түзүүсүн, санитардык жана гигиеналык номаларга жана эмгекти коргоо нормаларына ылайык жабдылган жана керектүү куралдар жана башка материалдар менен камсыз кылынган иш орунун талап кылууга;
-кыскартылган иш жумасына, төлөнүп берүүчү узартылган отпускка, иштеген жылдарына жараша кызматтык пенсияга, Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге;
-мектептин өзүн өзү башкаруусуна катышууга;
-программалардын ийгиликтүү ишке ашырылуусу үчүн өзүнүн квалификациясын, педагогикалык тажрыйбасын, маданий деңгээлин дайыма жогорулатууга;
-мектептин маалыматтык фондун, окуу, усулдук кызматтарын; мектептин социалдык-турмуштук кызматтарын колдонууга;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге;

-илимий-педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүгө, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды практикага киргизүүгө;
- өз кадыр-баркын жана намысын коргоого.

Мектептин кызматкерлеринин башка милдеттери жана укуктары кызматтык көрсөтмөлөр тарабынан аныкталат.

**4.5. Окуучунун милдеттери:**

-ак ниеттүүлүк менен окуу, мектептин мүлкүн дыккаттык менен колдонуу;
-окуучулардын, мектептин бардык кызматкерлеринин намысын жана кадыр-баркын сыйлоо;
-Уставды, ички тартип эрежелерин, окуучулар үчүн куралдарды, администрациянын буйруктарын аткаруу;
-өз курагына жараша мектеп-интернаттын окуу планын жана программасын аткаруу;
-сабактарга катышуу жана белгиленген мөөнөттө сынактарды тапшыруу;
-жатаканада жашоо эрежелерин, санитардык-гигиеналык нормаларды, коопсуздук куралдарынын жана өрткө каршы талаптарды сактоо;
-мамлекеттик билим берүү стандарттары тарабынан көрсөтүлгөн көлөмдө илимий билимди жана практикалык көндүмдөрдү терең өздөштүрүү.

**4.6. Окуучунун укуктары:**

-Мектептин Уставы жана Уставда көрсөтүлгөн башка документтер жана мектептин ички эрежелери менен таанышууга;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим алууга, аталган стандарттын алкагында жеке билим берүү программаларын тандоого;
-кошумча билим берүүчү кызматтардан пайдаланууга;
-алардын адамдык кадыр-баркын сыйлоого, жеке көз караш жана ишенимдерин эркин түрдө чагылдырууга;
-чыгармачылык жөндөмдөрүн жана иш билгилигин өнүктүрүүгө;
- окуу жабдууларын, компьютер техникасын, аудио-көрмө жабдууларды, окуу китептери жана окуу куралдарын акысыз пайдаланууга;
-ата-энелердин же алардын ордундагы адамдардын (мыйзамдуу өкүлдөрү) макулдугу менен жатаканада жашоого;
-кызыгууларына жараша ар түрдүү студияларга, секцияларга, кружокторго, окуучулардын илимий топторуна катышууга;
-мектептин билим берүү ишмердүүлүгүнө өзгөртүүлөр тууралуу сунуш-пикирлерди киргизүүгө;
-массалык маалымат каражаттарын, гезит жана колго жазылган журналдарды пайдаланууга;
-күчүндөгү мыйзамга каршы келбеген ар кандай коомдук бирикмелерди түзүүгө;
-мектеп-интернаттын өзүн-өзү башкаруу органдарына катышууга, окуу-тарбия процессин жакшыртуу боюнча сунуш жана эскертүүлөрдү киргизүүгө.

**4.7. Ата-энелердин (же алардын ордундагы адамдардын) милдеттери:**

-мектептин Уставын аткаруу;
-балдарынын негизги жалпы билим алуусу үчүн бардык керектүү шарттарды түзүп берүү, алган билимдерин өздөштүрүүгө жардам берүү;

-ата-энелердин чогулушун калтырбоо, педагогдор менен жолугушуу, баланын мектептеги жашоосуна кызыгуу, баланын сабакка келбей жана ооруп калышы тууралуу убагында кабар берүү;
-баланын тарбиясы, билим алышы жана ден соолугун көзөмөлдөөгө көмөктөшүү;
-Кыргыз Республикасынын күчүндөгү мыйзамында көрсөтүлгөн тартипте бала үчүн жоопкерчилик тартуу;
-жумад бирден кем эмес жолу мектеп менен кызматташып туруу.

**4.8. Ата-энелердин (же алардын ордундагы адамдардын) укуктары:**

-Мектептин Уставы жана алардын мыйзамдуу укуктарына байланышкан бөлүмдөр боюнча мектептин башка ички эрежелери менен таанышууга;
-мектептин өзүн-өзү башкаруусуна катышууга (жалпы чогулуш, мектептин администрациясы, ата-энелер комитети и камкорчулар кеңеши);
-окуу-тарбия иштерин жакшыртуу жана мектепте кошумча кызматтарды уюштуруу боюнча сунуштарды киргизүүгө;
-баланын өздүгүнө сый мамиле жасалышын талап кылууга;
-мектептин коомдук иштерине катышууга;
-билим берүү процессинин жүрүшү жана мазмуну, ошондой эле жетишүү баалары менен таанышууга;
-Мектепти өнүктүрүү максатында коомдук бирикмелерди түзүү жана каржылык жактан жардам көрсөтүү.

**4.9. Интернаттын тарбиялануучулары**

**4.10.** Интернатка жыл бою 10дон 14 жашка чейинки
- жетим балдар;
- ата-энелердин көзөмөлүсүз калган балдар;
- соттун чечими боюнча ата-энелери ата-энелик укуктан ажыратылган балдар

**<u>4-5-6-7-класстарга</u>** кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө кодексинин" 37-статьясына ылайык интернатка жашы жете элек баланын жашаган жери боюнча жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, мамлекеттик администрациялардын багыттосу боюнча жана чечиминин негизинде, соттун чечиминин негизинде балдар кабыл алынат.

Топтордун жана класстардагы балдардын саны IV-XI класстардын окуучулары үчүн 20-26 киши.

**Интернатка кабыл алуу үчүн кошумча документтер**

- интернаттык окуу жайына багыттоо тууралуу баланын жашаган (жайгашкан) жерине караштуу жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бийлигинин аткаруу органынын чечими жана жетим бала же ата-энесинин камкорчулугунан ажыратылган бала макамынын берилиши тууралуу соттун чечими;
- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү;
- билими тууралуу документ (мекте курагындагы балдардын өздүк делосу);
- баланын Республикалык психологиялык, медициналык жана педагогикалык кеңеш берүү бөлүмүндөгү изилдөөдөн өтүү протоколунун жана <u>баланын дени сактыгы тууралуу</u> **<u>Улуттук фтизиатрия борборунун корутундусунун көчүрмөсү</u>**
- баланын жашоо шартын алгачкы аныктоо акты;

- ата-энелер же алардын ордундагы опекундар тууралуу маалыматтар (ата-энелердин өлүмү тууралуу күбөлүктүн, оорусуна, ата-энелердин издөөдө болушуна байланыштуу документтердин, соттун өкүмү же чечими жана ата-энелердин жоктугун же балдарын өзүнүн бага албай тургандыгын тастыктаган башка документтердин көчүрмөсү);
- бир туугандарынын жана башка жакын туугандарынын бар экендиги жана жашаган жеринен маалымдамалар;
- балага тийиштүү турак-жай тууралуу документтер же турак-жайдын бериле тургандыгына кепилдиктер;
- мураска калган турак-жай жана мал-мүлктөр тууралуу документтер (бар болсо);
- пенсиялык фонддон балага пенсия бериле тургандыгы тууралуу маалымдама, алименттик төлөмдөрдүн төлөнүүсү тууралуу соттун токтомунун көчүрмөсү;
- дарыгерлердин баланын массалык мектептерде окуусу мүмкүн экендиги тууралуу корутундусу жазылган баланын медициналык картасы (форма №26, 63);
- опека жана камкорчулук органы тарабынан баланын алгачкы каттоого алынгандыгы тууралуу билдирүү;

Балдарды мектепке кабыл алуу алардын өз ыктыярдуулугу менен берген макулдугунун негизинде жүргүзүлөт.

Мектепке балдар өсүүсүндө кемчилиги болбогон, мектеп-интернатта окуусуна уруксаты жок деген медициналык көрсөткүчтөргө ээ болбогон балдар кабыл алынат.

**4.11.** Медициналык көрсөткүчтөр же башка себептерден улам бири-биринен бөлөк жерде тарбиялануусу жана билим алуусу шарт болгон абалдардан тышкары, бир үй-бүлө мүчөлөрү же тууганчылык байланышы бар балдар бир интернатка багытталышат.

**4.12.** Мектепти аяктаган же башка окуу жайына которулган учурда тарбиялануучуга бериле турган документтер:

туулгандыгы тууралуу күбөлүк (паспорт);
Мектепте окугандыгы тууралуу маалымдама;
саламаттыгы тууралуу документтер;
билими тууралуу документ (мектеп курагындагы балдар үчүн);
ата-энелери жана жакын туугандары тууралуу маалыматтар;
анын мүлккө, акча каражаттарына, өзү же ата-энеси жашаган турак-жайга карата укугун тастыктаган документтер, пенсиондук жана аманат китепчелери, алименттик төлөмдөрдүн төлөнүшүнө карата аткаруу баракчасы, баалуу кагаздар жана башка документтер, эгер аталган документтер баланын өздүк делосунда болгон болсо.

**4.13.** Тарбиялануучулардын укуктары жана милдеттери Мектептин Уставы жана уставда көрсөтүлгөн башка жергиликтүүү акттар тарабынан аныкталат.

**4.14. Тарбиялануучулардын укуктары:**
- мамлекеттик стандарттарга ылайык бекер багылууга;
- **<u>Кыргыз Республикасынын "Балдар тууралуу Кодексинин" 70,71-статьяларына (баларга тийиштүү жөлөк пул, пенсия жана башка социалдык төлөмдөр)</u>** ылайык өз укук жана кызыкчылыктарын коргоого;
- адамдык кадыр-баркын сыйлоо, уяттуулук жана маалыматтык эркиндикке;
- эмоционалдык жеке баарлашуу керектөөсүн канааттандырууга;
- физикалык жана психикалык зомбулуктун, өздүктү мазактоонун бардык формаларынан коргонууга;

- өзүнүн чыгармачыл жөндөмдөрүн жана кызыгууларын өнүктүрүүгө;
- өсүүдө келип чыккан көйгөйлөрдү оңдоо жана билим алуу боюнча квалификациялуу жардам алууга;
- дем алыш, майрам жана каникул күндөрүндө эс алууга

**4.15. Тарбиялануучулардын милдеттери:**

- башка тарбиялануучулардын, мектептин кызматкерлеринин намысын жана кадыр-баркын сыйлоо;
-мектептин мүлкүн дыккаттык менен колдонуу, өрт коопсуздугу куралдарын сактоо;
-Уставды жана Мектептин ички тартип эрежелерин аткаруу.

**4.16.** Мектептин администрациясы өзгөчө учурларда өз бүтүрүүчүлөрүнө алар жумуш тапканга же окуусун улантканга чейин мекемеде убактылуу (бир жылга чейин) бекер жашаганга жана тамактаганга уруксат бергенге укуктуу.

**4.17.** Мектеп эгер тарбиялануучу ушул Уставдын жоболорун бузган болсо, анда укук коргоо органдарына же болбосо камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органдарына кайрылууга укуктуу.

**4.17.** Тарбиялануучу төмөнкү учурларда Мектептен чыгарылган болот:

-Мектепти аяктагандыгына байланыштуу;
- башка билим берүү уюмуна которулуу тартибинде;
- ден-соолугуна байланыштуу;
- мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген соттун өкүмүнө ылайык окуучунун окуусун улантууга мүмкүн болбогон жазага соттолгон учурда;
- өлүмүнө байланыштуу.
- <u>**баланын туугандары менен жашоого макулдугунун негизинде жергиликтүү камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органдары менен макулдашуу жана Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө Кодексинин" 71.ст. жараша соттун чечими боюнча жакын туугандарынын балага болгон укугу тууурасында кайрылган учурларда**</u>

## 5. МЕКТЕПТИ БАШКАРУУ

**5.1.** Мектеп башкаруу демократиялуулук, айкындуулук, жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык көрсөтүү, адамдын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, жеке адамдын эркин өнүгүүсү негиздерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана Мыйзамына жана ушул Уставга ылайык жүргүзүлөт.

**5.2.** Мектепти башкаруунун Жогорку органынын функциясын Бишкек шаардык мэриясынын **Билим берүү башкармалыгы** аткарат.

Мектепти башкаруунун Жогорку органынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:
Уставды бекитүү, Мектептин Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
Мектептин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын аныктоо (билим берүү багыты менен кошо), окуу пландарын жана алардын аткарылгандыгы тууралы отчетторду бекитүү;
Директорду бекитүү (дайындоо) жана кайра чакыруу, анын отчетторун бекитүү;
Мектептен келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттары боюнча жылдык, чейректик отчетторду, мектептин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды алуу;
Мектепти материалдык, техникалык жана каржылык жактан камсыздоо.

**5.3.** Мектеп-интернатын түздөн-түз башкаруу Түзүүчү тарабынан дайындалган **Директор** тарабынан жүзөгө ашырылат.

**5.4.** Директор эмгек келишиминин негизинде күчүндөгү эмгек мыйзамына ылайык Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын башчысынын буйругу менен дайындалат.

**5.5.** Мектеп Директору эмгек келишиминде, мектептин Уставында көрсөтүлгөн кызматтык милдеттерин аткарбагандыгы үчүн жооп берет.

**5.6. Мектептин директору:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Мугалимдин макамы жөнүндө" мыйзамдарын, орто жалпы билим берүү жаатындагы башка нормативдик, укуктук актыларды сактайт жана аткарат, **ошондой эле, Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө Кодексинин" 69.ст. ылайык интернаттын тарбиялануучусу үчүн анын камкорчусу (көзөмөлчүсү) милдеттерин мойнуна алат жана "Балдар жөнүндө Кодекстин" 72.ст. негизинде баланын кызыкчылыктарын коргоо боюнча бардык укуктарды алат, 77-ст. ылайык камкорчулугундагы балдардын мал-мүлкүн башкарат.**
- билим берүү процессин пландайт жана уюштурат, билим берүү процессинин натыйжалуулугун көзөмөлдөйт;
- иштердин сапаты жана таасирдүүлүгү үчүн жооп берет;
- мектептин администрациясы менен биргеликте билим берүү процессинин стратегиясын белгилейт, аймактык жана шаардык мекемелердин илимий жана усулдук мүмкүнчүлүктөрүн тартуу менен педагогикалык жана башкаруунун жаңы ыкмаларын (инновацияларын) колдонот;
- бардык мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекеме уюм, ишканаларда мектептин өкүлү болот;
- мектептин штаттык расписаниесин бекитет, кадрлардын туура тандап алууну жана жайгаштырууну камсыз кылат;
-мектептин кызматкерлерин ишке алат жана иштен кетирет;
-райондук билим берүү борборунун макулдугу менен окуу-тарбия иштери боюнча директордун биринчи орун басарын дайындайт жана иштен алат, ошондой эле штаттык расписаниеге жараша сый акынын өлчөмүн белгилейт;
-кызматкерлердин эмгек маянасы жана премия берүү боюнча ички жоболору бекитет;
-кредиттер боюнча башкаруучу болуп саналат жана каржылык документтер жана бухгалтердик эсеп боюнча биринчи кол коюу укугуна ээ болот;
-ишеним катсыз аракет кылат. Акча каражаттарын, кредиттерди колдонуучу жана башкаруучу болот, банктарда, казына органдарында эсептешүү жана башка эсептерди ачат, каржылык документтер боюнча биринчи кол коюу укугуна ээ болот, бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылат;
-мектептин атынан уставдык ишмердүүлүккө туура келген келишимдерди (контракттарды) түзөт;
-өз ыйгарым укуктарынын алкагында мектептин кызматкерлери жана билим берүү процессинин катышуучулары тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон буйрук жана көрсөтмөлөрдү чыгарат;
-жеке штаттык расписание түзөт. Кадрларды тандайт жана жайгаштырат;

-сынактык негизде мектептин педагогикалык, административдик жана тейлөөчү персоналын жумушка алат;
-окууга байланыштуу милдеттерди бөлүштүрөт, эмгек маянага кошумчаларды белгилейт. Кызматкерлерди жана окуучуларды премияларга жана сыйлыктарга көрсөтөт;
- мыйзам актыларына жана ченемдик укуктук документтерди ишке ашыруу боюнча иштерди уюштурат;
-мектептин милдеттерин ишке ашыруу максатында мүлк жана материалдык каражаттарды колдонот;
-билим берүүдөгү мамлекеттик жана аймактык стандарттардын сөссүз түрдө аткарылышын көзөмөлдөйт;
- мектептин кадрларынын иштерин уюштурат жана көзөмөл кылат;
-мектеп кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин эмгек мыйзамдарына ылайык түзөт;
-мектептин педагогикалык кызматкерлеринин чыгармачыл өсүшү, алардын окутуунун жана тарбиялоонун алдыңкы заманбап түрлөрүн жана усулдарын колдонуусуучүн шарттарды түзөт;
-мектептин атынан ар кандай мекеме, ишкана жана уюмдар менен контракттарга кол коет;
-балдардын жана мектептин кызматкерлеринин өмүрүн жана саламаттыгын коргоону камсыз кылат;
-окуучуларга жана мектептин кызматкерлерине социалдык-укуктук коргоону камсыз кылат;
-кошумча билим берүү кызматтарын уюштурат;
-метептин каржылык-чарбалык жана ишмердүүлүк иштерин өнүктүрүү боюнча чечимдерди кабыл алат;
-окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлар менен биргеликте окуу-тарбия иштерин, билимдердин сапатын жана окуучулардын жүрүм-турумун, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштердин мазмуну жана уюштурулушун, сабактарга катышуу жолу менен педагогдордун ишмердүүлүгүн, билим берүүнүн, тарбиялык иш-чаралардын бардык башка түрлөрүн көзөмөлдөөнү ишке ашырат;
-өзүнүн функционалдык милдеттерине жараша башка функцияларды аткарат;
-Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын аткаруу боюнча чечимдерди кабыл алат.

**5.7.** Мектептин Директору өз ишмердүүлүгү үчүн ата-энелердин жана мамлекеттин, коомдун жана түзүүчүнүн алдында Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамында, келишимде (контрактта) жана ушул Уставда көрсөтүлгөн өз функционалдык милдеттерине ылайык жеке жоопкерчилик тартат.

**5.8.** Мектептеги өзүн-өзү башкаруу түрлөрү болуп педагогикалык, илимий-усулдук, камкорчулар кеңештери, эмгек жамаатынын жалпы чогулушу, жалпы мектептик ата-энелер комитети жана окуучулук өзү-өзү башкаруу эсептелет.

**5.9.** Мектептин өзүн-өзү башкаруу органдары (камкорчулар кеңеши, педагогикалык кеңеш, илимий-усулдук жана жалпы мектептик ата-энелер комитети) мектеп окуучуларынын бирдиктүү формасын жана ар түрдүү айырмалоочу белгилерди көрсөтө алышат.

**5.10.** Негизги окуу-тарбия маселелерин кароо үчүн мектептин педагогикалык Кеңеши түзүлөт, анын ишмердүүлүгү мектеп-интернатын администрациясы иштеп чыккан жана кабыл алган Жоболордо белгиленет.

**5.11.** Педагогикалык кеңештин чечими сунуш-пикир мүнөзүндө болот жана директордун буйругу менен жүзөгө ашырылат. Педагогикалык кеңештин чечимдери протоколго алынат жана мектептин документтери арасында сакталат.

**5.12.** Педагогикалык кеңештин алдында усулдук бирикмелер, секциялар, кичи педагогикалык кеңештер түзүлөт жана алар Педагогикалык кеңешке отчет берип турушат.

**5.13.** Педагогикалык кеңештин негизги милдеттери:

-окуу-тарбия иштеринин деңгээлин жогорулатуу боюнча маселелерди чечүү;

-педагогикалык илимдин иш практикасына алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жана жаңы технологияларды киргизүү;

-балдарды жана өспүрүмдөрдү кыргыз жана республиканын аймагында жашаган башка улуттардын оң таасирдүү салттарына негизделип тарбиялоону камсыз кылуу.

**5.14.** Педагогикалык кеңеш төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алууга укуктуу:

-педагогикалык кадрларды жайгаштыруу, окууга байланыштуу милдеттерди бөлүштүү, мугалимдин эмгегин баалоо, жана педагогикалык кызматкерлердин аттестациялык мүнөздөмөсү тууралуу;

-окуучулардын жана тарбиялануучуладын кружокторун, клубдарын жана бакшка биримдиктерин түзүү тууралуу;

-окуучуларды сынак тапшырууга уруксат берүү, окуучуларды кийинки класска көчүрүү, сынактардан бошотуу тууралуу;

-негизги билим берүү тууралуу кубөлүктөрдү жана жалпы орто билим берүү тууралуу аттестаттардын берилиши тууралуу;

-мектептин күндүк режими тууралуу;

-мектептин регламенти тууралуу;

- жатаканада жашоо тууралуу;

**5.15.** Ошондой эле Педагогикалык кеңеш, педагогикалык жактан таасир этүүнүн башка ченемдери бүткөн учурда ушул Уставда белгиленген тартипте окуучуларды интернаттан чыгаруу туурасында чечимдерди кабыл алат.

**5.16.** Педагогикалык кеңештин курамына мектептин директору (төрага), анын орун басарлары, бөлүмдөрдүн жетекчилери, методисттер, мугалимдер, китепканачы, дарыгер, ата-энелер комитетинин төрагасы кирет. Саны так сан эмес болууга тийиш. Педагогикалык кеңештин чечими чогулушта педкеңештин 2/3 кем эмес мүчөсүнүн катышуусу шарты менен көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Добуштар тең экиге бөлүнгөн учурда, педагогикалык кеңештин төрагасы добушун берген чечим кабыл алынат.

**5.17.** Педагогикалык кеңеш кеңештин жыйынында окуу жылы үчүн бекитилген план боюнча иштейт.

**5.18.** Педагогикалык кеңештин чечимдерин жана сунуш-пикирлерин аткаруу боюнча иштерди мектептин директору ишке ашырат.

**5.19.** Мектептин директору Педагогикалык кеңештин чечими менен макул болбогон учурда, чечимдин аткарылышын токтотот дагы бул туурасында Түзүүчүгө кабар берет.

**5.20.** Педагогикалык кеңеш директор тарабынан зарыл болгон учурда чакырылат.

**5.21.** Усулдук кеңеш – педагогикалык кадрлардын окуусун уюштуруу жана координациялоо үчүн билим берүү жаатында эң тажрыйбалуу адистерден түзүлөт. Усулдук кеңештин алдында предметтик жана башка бирикмелер, топтор ж.б. түзүлүшү мүмкүн.

**5.22.** Усулдук кеңештин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- мектептеги окуу-тарбия процессинин жана усулдук иштердин усулдук жактан камсыздандыруу абалын изилдөө;

-мугалимдердин чыгармачылык топторунун жана башка бирикмелеринин иштерин түзүү жана уюштуруу;

-мектептеги окуу-тарбия процессин жана педагогикалык кадрлардын усулдук окуусун усулдук жактан камсыздандыруунун максаттарын жана милдеттерин түзүү;

-мектеп жамаатынын иштерин жөнгө салган документтерди иштеп чыгуу жана аткаруу;

-айрым педагогдордун отчетторун угуу, алардын иштерин жакшыртуу боюнча пикирлерин киргизүү;

-кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлыктар жана ардактуу наамдар менен сыйлоо, стипендия берүү жана кошумча төлөм киргизүү жөнүндө сунуш-пикирлерди кароо.

**5.23.** Коомдук уюмдар катары мектепте класстык жана жалпы мектептик ата-энелер комитеттери иштейт. Аталган комитеттин ишмердүүлүгү Ата-энелер комитети жөнүндө жобо тарабынан белгиленет.

**5.24.** Мектептин ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн кошумча бюджеттен тышкары каржылык каражаттарды тартуу максатында мектепте Камкорчулар кеңеши иштейт **жана ал Кыргыз Республикасынын "Камкорчулар кеңеши жөнүндө" Мыйзамынын негизинде иш алып барат**

**5.25.** Камкорчулар кеңешинин укуктук макамы:

- Камкорчулар кенеши Мектепке караштуу ыктыярдуу негизде туруктуу иш алып барган коллегиалдуу орган болуп саналат.
- Камкорчулар кеңешинин негизги максаты билим берүү мекемесине уставда көрсөтүлгөн өз милдеттерин ишке ашырууда, ошондой эле билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын күчөтүү үчүн кошумча каржы ресурстарын тартууга жана аларга көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын бекемдөөгө көмөк көрсөтүү болуп саналат. Камкорчулар кенешинин мектептин администрациясынын азыркы ыкчам жана башкаруу иштерине кийлигишүүгө укугу жок.
- Камкорчулар кенеши билим берүү мекемесинин педагогикалык кеңеши менен өз ара иш алып барат. Камкорчулар кеңешинин төрагасы Мектептин педагогикалык кеңешинин ишине катыша алат.
- Камкорчулар кенешинин мүчөлөрү акысыз иштейт жана негизги ишин үзгүлтүккө учуратпайт.

**5.26.** Камкорчулар кеңешин түзүүнүн максаттары

Камкорчулар кеңеши төмөнкү максаттарда түзүлөт:

- билим берүү процессинин катышуучуларынын жеке жана мүлктүк укуктарын колдоо жана коргоо;
- мектептин туруктуу каржылык абалын түзүү;
- мектеп тарабынан коомдук башкарууну күчтөнтүү;

**5.21.** Усулдук кеңеш – педагогикалык кадрлардын окуусун уюштуруу жана координациялоо үчүн билим берүү жаатында эң тажрыйбалуу адистерден түзүлөт. Усулдук кеңештин алдында предметтик жана башка бирикмелер, топтор ж.б. түзүлүшү мүмкүн.

**5.22.** Усулдук кеңештин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- мектептеги окуу-тарбия процессинин жана усулдук иштердин усулдук жактан камсыздандыруу абалын изилдөө;

-мугалимдердин чыгармачылык топторунун жана башка бирикмелеринин иштерин түзүү жана уюштуруу;

-мектептеги окуу-тарбия процессин жана педагогикалык кадрлардын усулдук окуусун усулдук жактан камсыздандыруунун максаттарын жана милдеттерин түзүү;

-мектеп жамаатынын иштерин жөнгө салган документтерди иштеп чыгуу жана аткаруу;

-айрым педагогдордун отчетторун угуу, алардын иштерин жакшыртуу боюнча пикирлерин киргизүү;

-кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлыктар жана ардактуу наамдар менен сыйлоо, стипендия берүү жана кошумча төлөм киргизүү жөнүндө сунуш-пикирлерди кароо.

**5.23.** Коомдук уюмдар катары мектепте класстык жана жалпы мектептик ата-энелер комитеттери иштейт. Аталган комитеттин ишмердүүлүгү Ата-энелер комитети жөнүндө жобо тарабынан белгиленет.

**5.24.** Мектептин ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн кошумча бюджеттен тышкары каржылык каражаттарды тартуу максатында мектепте Камкорчулар кеңеши иштейт **<u>жана ал Кыргыз Республикасынын "Камкорчулар кеңеши жөнүндө" Мыйзамынын негизинде иш алып барат</u>**

**5.25.** Камкорчулар кеңешинин укуктук макамы:

- Камкорчулар кенеши Мектепке караштуу ыктыярдуу негизде туруктуу иш алып барган коллегиалдуу орган болуп саналат.

- Камкорчулар кеңешинин негизги максаты билим берүү мекемесине уставда көрсөтүлгөн өз милдеттерин ишке ашырууда, ошондой эле билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын күчөтүү үчүн кошумча каржы ресурстарын тартууга жана аларга көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын бекемдөөгө көмөк көрсөтүү болуп саналат. Камкорчулар кенешинин мектептин администрациясынын азыркы ыкчам жана башкаруу иштерине кийлигишүүгө укугу жок.

- Камкорчулар кенеши билим берүү мекемесинин педагогикалык кеңеши менен өз ара иш алып барат. Камкорчулар кеңешинин төрагасы Мектептин педагогикалык кеңешинин ишине катыша алат.

- Камкорчулар кенешинин мүчөлөрү акысыз иштейт жана негизги ишин үзгүлтүккө учуратпайт.

**5.26.** Камкорчулар кеңешин түзүүнүн максаттары

Камкорчулар кеңеши төмөнкү максаттарда түзүлөт:

- билим берүү процессинин катышуучуларынын жеке жана мүлктүк укуктарын колдоо жана коргоо;

- мектептин туруктуу каржылык абалын түзүү;

- мектеп тарабынан коомдук башкарууну күчтөнтүү;

- мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бийликтеринде мектептин кызыкчылыктарын коргоону камсыздоо;
- Түзүүчүлөрдөн Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынан келип чыккан милдеттерди аткаруу талаптарын мыйзамдаштыруу.

**5.27.** Камкорчулар кенешине коомдук ишмерлер, шаардык жана аймактык билим берүү мекемелеринин жетекчилери, маданият жана көркөм өнөр ээлери, меценаттар, мектеп-интернатынын,уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин ишине кызыкдар демөөрчүлөрдүн жана ата-энелер коомчулугунун өкүлдөрү кирет.

## 6. МЕКТЕПТИН МҮЛКҮ, КАРЖЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**6.1.** Мектеп өз эрки менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана ушул Уставга ылайык каржылык-чарбалык ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

**6.2.** Мектептин бардык мүлкү Бишкек шаардык мэриясынын муниципалдык менчиги болуп саналат, өз алдынча балансга чагылдырылган жана ыкчам башкаруунун негизинде мектепке бекитилген.

**6.3.** Мүлктөрдүн тизмеги мектептин Түзүүчүсү менен макулдашуу боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан бекитилген мекеменин техникалык паспортунда чагылдырылат.

**6.4.** Мектеп өзүнө бекитилген мүлктү колдонууга жана ага ээлик кылууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган учурларда мектеп ыкчам башкаруу укугунун негизинде өзүнө тийиштүү мүлктү Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын макулдугу менен гана жана максаттары жана түрлөрү ушул Уставда белгиленген ишмердүүлүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпаган чекте гана башкарууга укуктуу.

**6.5.** Мектептин өзүнө бекитилген мүлктү ээликтен ажыратууга же башка жол менен аны башкарууга, ошондой эле пайдаланууга, ижарага, күрөөгө берүүгө укугу жок.

**6.6.** Мектептин өзүнө бекитилген мүлк менен жыйынтыгында ээликтен ажыратууга же абалын оордотууга жол бериле турган келишимдерди түзүүгө укугу жок.

**6.7.** Мектепке бекитилген муниципалдык менчик Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн тартипте жана шарттарда менчик ээси тарабынан мектептин ээлигинен ажыратылышы мүмкүн.

**6.8.** Жер участоктору мектеп-интернатына туруктуу (мөөнөтсүз) колдонуу үчүн бекитилет.

**6.9.** Мектеп өзүнө бекитилген мүлктүн туура сакталышы жана эффективдүү (таасирдүү) колдонулушу үчүн жоопттуу.

**6.10.** Мектеп ижарага берүүчү жана ижарага алуучу боло алат. Мүлктү ижарага берүү мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте Түзүүчүнүн алдын ала эксперттик баалоосу жасалгандан кийин ишке ашат.

**6.11.** Мектептин каржылоо жана материалдык-техникалдык жактан камсыздоо булактары төмөнкүлөр:
- түзүүчүнүн салымдары;
-республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттары;
-Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу билим берүү фондунун каражаттары;

- башка жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайыр садагалары;
- өндүрүмдөрдү жана кызматтардысатуудан жана башка уруксат берилген өз алдынча ишмердүүлүктүн түрлөрүнөн түшкөн киреше;
-мектептин ээси же болбосо анын ыйгарым укуктуу органы тарабынан мектепке берилген мүлк;
- эл аралык уюмдардын гранттары;
**-ата энелердин жана башкалардын (юридикалык, жеке)** материалдык демөөрчүлүк колдоолору;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келбеген башка булактар.

**6.12.** Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык бюджеттен тышкары булактардын эсебинен алынган каражаттарды өз алдынча колдонууга укуктуу.

**6.13.** Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келбеген келишимдерди түзүү, милдеттерди жана башка шарттарды белгилөөгө байланышкан маселелерди өз алдынча чечет, кайрымдуулук иш-чараларын, аукциондорду, лотереяларды жана башка иш-чараларды өткөрөт.

**6.14.** Мектеп белгиленген түрдө бухгалтердик каттоону жана өз ишинин натыйжалары жөнүндө отчет түзүүнү жүзөгө ашырат жана аны тиешелүү органдарга тапшырат

**6.15.** Мектеп эмгек акынын көлөмүн, формасын жана системасын, кошумча акылардын, премиялардын жана башка төлөмдөрдүн көлөмүн өз алдынча белгилейт. Кызматкерлердин бардык категориясынын кызматтык маянасынын көлөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан көрсөтүлгөн деңгээлден төмөн болбоого тийиш.

**6.16.** Мектепке бекитилген каржылык жана материалдык каражаттар мектеп тарабынан эгер Кыргыз Республикасынын мыйзамында башка нерсе көрсөтүлгөн эмес болсо, уставга ылайык колдонулат жана ага кол салууга болбойт.

**6.17.** Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн тартипте акы төлөнүүчү кошумча билим берүү жана мекеменин уставында каралган башка кызматтардын эсебинен, ошондой эле жеке жана (же) юридикалык жактардын, чет өлкөлүк жарандардын жана (же) чет элдик юридикалык жактардын ыктыярдуу кайыр садагаларынын жана максаттуу взносторунун эсебинен кошумча каржылык каражаттарын тартууга укуктуу.

**6.18.** Мектеп тарабынан кошумча каражаттарды тартуу анын Бишкек шаарынын бюджетинин каражаттарынын эсебинен каржылануусунун ченемдеринин жана (же) абсолюттук көлөмдөрүнүн азайышына алып келбейт.

**6.19.** Мектеп калкка, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга тийиштүү билим берүү программалары жана мамлекеттик билим берүү стандарттары тарабынан каралбаган акы төлөнүүчү кошумча билим берүү жана дарылоо кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу.

**6.20.** Акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө мектепАкы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн эрежелерин, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексин жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жана "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө" мыйзамдарын жетекчиликке алат.

**6.21.** Акы төлөнүүчү кошумча билим берүү жана башка кызматтар бюджеттеги каражаттардын эсебинен каржыланган билим берүү ишмердүүлүгүнүн ордуна

көрсөтүлбөөгө тийиш. Каршы учурда мындай ишмердүүлүк жолу менен иштеп табылган каражаттар түзүүчү тарабынын анын бюджетине алынат.

**6.22.** Мектеп ушул уставда каралган ишкердик жана киреше алып келе турган башка ишмердүүлүк жүргүзгөнгө укуктуу.

Мектептин ишкердик ишмердүүлүгүнө төмөндөгүлөр кирет:

- сатып алынган товар, жабдыктар менен соода кылуу;

-ортомчулук кызматтар;

-башка мекемелердин (билим берүү мекемелери менен кошо) жана уюмдардын ишмердүүлүгүнө үлүштүк катышуу;

-уставда каралган өзү өндүргөн өндүрүмдөргө, иштерге, кызматтарга жана аларды ишке ашырууга түздөн-түз байланышпаган, сатуу иштеринен тышкары киреше алып келген иш аракеттерди жүргүзүү.

**6.23.** Эгерде мектептин ишкердик ишмердүүлүгү уставдык билим берүү иштеринин эсебинен аткарылып жаткан болсо анда Түзүүчү мындай иштерди токтотконго укуктуу.

**6.24.** Мектеп мамлекеттик бийлик органдары, башка ишканалар, мекемелер,уюмдар жана бардык чөйрөдөгү жарандар менен келишимдердин, макулдашуулардын негизинде мамилелерди курат. Мектеп үчүнчү жактар менен түзгөн келишимдеринин түрүн, предметин, милдеттерин, алар менен өз ара мамилелеринин башка каалаган шарттарын, эгер алар Кыргыз Республикасынын күчүндөгү мыйзамына жана ушул Уставга каршы келбесе, эркин тандоого укуктуу.

Мектеп бухгалтердик эсептерди, статистикалык эсептерди, отчетторду Кыргыз Республикасынын мыйзамына жараша жүргүзөт.

**6.25.** Мектеп милдеттүү:

-өз милдеттерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана ушул Уставга ылайык жоопкерчилик тартууга;

-Түзүүчүнүн жана Бишкек шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын алдында муниципалдык мүлктүн жана акча каражаттарынын абалы жана аларды колдонуу үчүн отчёт берүүгө;

-каржылык, чарбалык жана башка ишмердүүлүктөрдүн жыйынтыктарынын ыкчам жана бухгалтердик эсептерин жүргүзүүгө, статистикалык отчетторду жасоого,Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн тартипте жана мөөнөттө тийиштүү органдарга ишмердүүлүктүн жыйынтыктары тууралуу отчёт берүүгө;

-милдеттерин талаптагыдай эмес аткаргандыгы жана мамлекеттик отчётторду бурмалагандыгы үчүн мектеп-интернаттын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөндөй жоопкерчилик тартышат.

-Түзүүчүнүн мүлкүн колдонууга байланыштуу иштерди жүзөгө ашыруу мектеп-интернатка Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан уруксат берилген учурда мындай иштердин баарын Бишкек шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгы менен макулдашууга;

-Бишкек шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгы жана Түзүүчү менен калган наркка ээ мүлктү эсептен чыгаруу, ошондой эле калган наркка ээ эмес мүлктү (кыймылсыз мүлк, инженердик жана коммуналдык максаттагы объектилер, транспорттук каражаттар) эсептен чыгарууну макулдашууга;

- ишкердик жана киреше алып келген башка ишмердүүлүктөн түшкөн кирешелер жана чыгымдар жана мамлекеттик мүлктү колдонуудан келип түшкон чыгымдар менен кошо мектептин киреше жана чыгымдарынын сметасын бекитүүгө Түзүүчүгө өз убагында тапшырууга;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жарандык коргонуу жана мобилизациялык даярдоо боюнча коомдук иш-чараларды аткаруу.

## 7. КЫЗМАТКЕРЛЕРДИ КОМПЛЕКТТӨӨ ТАРТИБИ, ЭМГЕК АКЫНЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ

**7.1.** Кызматкерлер үчүн ушул мекемежумуш берүүчү болуп саналат. Педагогикалык кызматка квалификациялык мүнөздөмөлөрү жана билими тууралуу документтер менен тастыкталган алган кесиби кызматтын талаптарына жооп берген, керектүү кесиптик жана педагогикалык квалификацияга ээ талапкерлер алынат.

**7.2.** Сот өкүмү, медициналык көрсөткүчтөр боюнча педагогикалык ишмердүүлүккө тыюу салынган адамдар, ошондой эле белгилүү кылмыштар үчүн соттолгон жарандар мектепке мугалим катары кызматка алынбайт. Тийиштүү медициналык каршы көрсөткүчтөрдүн жана укук бузуулардын курамынын тизмеги Кыргыз Республикасынын күчүндөгү мыйзамы тарабынан көрсөтүлөт.

**7.3.** Кызматкер менен мектептин ортосундагы мамилелер шарттары Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамына каршы келбеген эмгек келишими тарабынан жөнгө салынат. Педагогикалык жана башка кызматкерлерди эмгек келишими (тартип келишими) боюнча ишке тартууга уруксат берилет.

**7.4.** Эмгек акы, бирдиктүү тарифтик системасынын негизинде эмгек келишиминде каралган кызматтык милдеттерин жана жумуштарды аткаргандыгы үчүн кызматкерге төлөнгөн акы.

**7.5.** Кызматкерге мыйзамда каралган учурлардан тышкары башка иштерди жана милдеттерди аткаргандыгы үчүн кошумча келишим боюнча акы төлөнөт.

## 8. МЕКТЕПТИН ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**8.1.** Мектеп чет элдик билим берүү, коомдук жана башка уюмдар менен түз мамиле курууга, окуучулардын жана мугалимдердин тобу менен акысыз алмашуулар тууралуу келишимдерди түзүүгө, биргеликте иш-чараларды өткөрүүгө, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык эл аралык уюмдарга мүчө болууга укуктуу.

**8.2.** Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык тышкы экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүүгө укуктуу.

## 9. МЕКТЕПТИН ЖОЮУ, КАЙРА УЮШТУРУУ ТАРТИБИ

**9.1.** Мектептин ишмердүүлүгү Түзүүчүнүн чечими боюнча башка билим берүү мекемеси болуп кайрадан уюштурулуу (биригүү, кошулуу, ажыроо, бөлүнүп чыгуу, кайра түзүлүү) же жоюулуу жолу менен токтотулат.

Мектептин жоюулушу төмөнкү учурларда ишке ашат:

-Түзүүчүнүн чечими боюнча

-талапка ылайык лицензиясы жок иш алып барган учурда, мыйзам тарабынан тыюу салынган иш алып барган учурда, уставдык максаттарга шайкеш келбеген иштерди жасаган учурда соттун чечими менен;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган башка негиздер боюнча.

**9.2.** Мектептин ишмердүүлүгү учурунда пайда болгон документтер, ал жабылып калган учурда Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын архивдик фонду жөнүндөгү» Мыйзамынын талаптарына ылайык сактоого жана колдонууга берилет.

**9.3.** Мектептин кайрадан уюштурулуусу жана жоюлуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде жүргүзүлөт.

## 10. МЕКТЕПТИН УСТАВЫН ӨЗГӨРТҮҮ ТАРТИБИ

**10.1.** Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор Түзүүчү тарабынан кабыл алынат жана бекитилет..

**10.2.** Уставдагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте каттоодон өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Директор: Атаев Р.А.**

*Бул документ орусчадан кыргызчага котормочу Майрамбек кызы Нурайым тарабынан которулган (МКК 50-00 тарабынан берилген паспорт сериясы AN2331331, диплом № УБ140182228, регистрация номери № 14/559)*_______

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧУЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

Номерленгени, тигилгени, жана мөөр басылганы

Баардыгы__________барак

20____ж. "____"__________өткөрүлдү

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью

на 23 листах

«14» 11 20 16 г.

Прошнуровано, пронумеровано

на 23 листах

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ * КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ * ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ * ЧУЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

КЕҢСЕ

КАНЦЕЛЯРИЯ

№2